**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин**

**коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн**

№ 1 ПРОТОКОЛУ

06.09.2021
Ош шаары
ЭАББПК, 107-аудитория
Катышты: 52 окутуучу
**Чогулуштун торайымы:** Ж.А. Таштанова
**Катчы:** М.К. Эргешова

**Каралуучу маселелер:**

| | |
|---|---|
| 1. | 2021-2022-окуу жылы үчүн бөлүмдүн иш планын талкуулоо жана бекитүү. |
| 2. | Орто кесиптик билим берүү программасынын окуу планын талкуулоо жана макулдашуу. |
| 3. | 2021-2022-окуу жылына бөлүштүрүлгөн окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн, жеке иш пландарын талкуулоо жана бекитүү. |
| 4. | 2021-2022-окуу жылынынын 1-курстарынын орто кесиптик билим берүү багыты боюнча мектептен алган орто билиминин деңгээлин текшерүү үчүн кыргыз жана англис тилдеринен жазуу иши жана тест аркылуу мониторинг жүргүзүү жана анын натыйжасына карата чара колдонуу. |

**1-маселе. 2021-2022-окуу жылы үчүн бөлүмдүн иш планын иштеп чыгып, талкуулоо жана бекитүү.**

***Угулду:*** 2021-2022-окуу жылына карата коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн иш планы менен бөлүм башчысы ***Ж.А.Таштанова*** тааныштырып, жыл бою аткарылуучу маанилүү маселелердин жооптууларын, мөөнөттөрүн белгилеп, талкууга койду.

***Сөзгө чыкты:***

***М.Султанбаева*** бөлүмдүн 2021-2022-окуу жылына пландаштырылган иш-чараларга кээ бир өзгөртүүлөрдү, б.а. маданий-массалык, коомдук, илимий жана эл аралык байланыштар боюнча иштерди колледждин иш планына кошуу зарыл экендигин белгилеп өттү.

***Б.Байтикова*** бөлүмдүн окутучулары жеке өздөрүнүн илимий-изилдөө ишинин алкагында илимий семинарларды өтүшүп, илимий тажрыйбасын өркүндөтүүсүнүн сунуштады.

**2-маселе. Орто кесиптик билим берүү программасынын "Котормо иши" адистигинин Окуу планын талкуулоо жана макулдашуу.**

***Угулду: М.Дж.Султанбаева*** КРнын билим жана илим берүү министрлигине сунушталган "Котормо иши (Кытай тили)" адистигинин орто кесиптик билим берүү программасынын Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн Окуу планындагы өзгөртүүлөр боюнча маалымат берип, кесиптик циклдеги жаны киргизилген предметтерге токтолу (предметтердин тизмеси тирклет). Ошондой эле, кесиптик циклдин

Scanned with CamScanner

тандоо курстарына, атап айтканда, Дисциплина 1, 2, 3, 4торго Стейкхолдерлер тарабынан сунушталган предметтерди киргизүүнү зарыл экендигин белгилеп жана башка маанилүү маселелерге токтолду.

***Сөзгө чыкты:***

***Колледждин Усулдук кеңешинин төрайымы С.Абдуматова*** Орто кесиптик билим берүү багытынын "Котормо иши (Кытай тили)" адистигинин Мамлекеттик билим берүү стандартыны менен бөлүмдүн окутуучулары таанышып, сааттык жүктөмдө болунгон предметтер боюнча жаңы стандартка ылайык Окуу-усулдук комплекстердин иштелип чыгышын талап кылды.

**3-маселе. 2021-2022-окуу жылына бөлүштүрүлгөн окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн, жекече иш пландарын талкуулоо жана бекитүү.**

***Угулду:*** 2021-2022-окуу жылынын окуу планын негизинде окуу бөлүмү тарабынан жумушчу окуу планы жана семестрдик пландары иштелип чыгып, AVNге жүктөлүп, бөлүмдүн окутуучуларынын окуу жүктөмдөрү ОшМУнун "Окуу жүктөмдөр жана аларды пландоо нормалары" жөнүндө Жобого ылайык бөлүнгөндүгү жөнүндө айтты. Сааттарды бөлүштүрүүдө окутуучуларынын тажрыйбасы, стажы жана профессионалдык деңгээли эске алынгандыгын бөлүм башчысы баса белгиледи. Ошону менен бирге окутуучулардын окуу жүктөмдөрүнүн көлөмү менен тааныштырды.

**4-маселе. 2021-2022-окуу жылынын, биринчи курстарынын орто кесиптик билим берүү багыты боюнча мектептен алган орто билиминин деңгээлин текшерүү үчүн кыргыз, орус жана англис тилдеринен жазуу иши жана тест аркылуу мониторинг жүргүзүү жана анын натыйжасына карата чара колдонуу.**

***Угулду:*** Колледждин Окуу-усулдук Кеңешинин төрайымы ***С.Абдуматова*** жаңыдан кабыл алынган орто кесиптик билим берүү багытынын колледждер аралык 1-курстарынын студенттеринин орто билим деңгээлин текшерүү боюнча боюнча кыргыз жана англис тилдеринен жазуу жана тест аркылуу мониторингдин жыйынтыгы менен тааныштырып, талдоонун натыйжасында төмөн баа алган студенттер менен кошумча сабактарды милдеттүү түрдө өткөрүүнү жана графигин бекитүүнү сунуштады.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2021-2022-окуу жылы үчүн бөлүмдүн иш планы сунуштарды эске алуу менен бекитилсин.
2. Эл аралык билим берүү колледжинин коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн окуу планы бекитүүгө сунушталсын.
3. 2021-2022-окуу жылына бөлүштүрүлгөн окутуучулардын окуу жүктөмдөрү, жекече иш пландары бекитилсин.
4. 2021-2022-окуу жылынын, биринчи курстарынын орто кесиптик билим берүү багыты боюнча мектептен алган орто билиминин деңгээлин текшерүү үчүн кыргыз жана англис тилдеринен жазуу иши жана тест аркылуу мониторингдин жыйынтыгы чыгарылсын жана ал боюнча төмөн баа алган студенттер менен кошумча сабактар өткөрүлсүн.

КД бөлүмүнүн башчысы Ж.Таштанова

Катчы М.Эргешова

Scanned with CamScanner